**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. УКУК**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ПРАВО

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. LAW

**e-ISSN: 1694-8661**
№1(6)2025, 85-91

**УДК: 340.1**

**DOI:** 10.52754/16948661_2025_1(6)_13

# МАМЛЕКЕТТИК МАЖБУРЛООНУН МАЗМУНДУК ЖАКТАРЫ

## СОДЕРЖАТЕЛЬНЫЕ СТОРОНЫ ГОСУДАРСТВЕННОГО ПРИНУЖДЕНИЯ

## SUBSTANTIVE ASPECT OF STATE COERCION

**Жусубалиева Мунара Курбаналиевна**
*Жусубалиева Мунара Курбаналиевна*
Zhusubalieva Munara Kurbanalievna

**улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*Senior lecturer, Osh State University*
mjusubalieva@mail.ru

# МАМЛЕКЕТТИК МАЖБУРЛООНУН МАЗМУНДУК ЖАКТАРЫ

**Аннотация**

Маанилүүлүк. Учурдагы укуктук мамлекеттин коомдук мамилелерди жөнгө салуунун натыйжалуулугуна жетишүүсү актуалдуу суроолордун бири катары келип чыгат. Мамлекет коомдук мамилелерди ченемдик жөнгө салуу менен анын так бирдей аткарылышын ал бузулган учурда калыбына келтирүү жактарын карайт. Бул учурда мамлекеттик мажбурлоонун ролу өзгөчө. Атайын механизмдер аркылуу мамлекеттик мажбурлоо тийиштүү коомдук кызыкчылыктарга жетүүнү көздөйт. Ата мекендик илимде мамлекеттик мажбурлоонун теориялык негиздери өтө аз изилденип учурдагы декриминализациялоо, гуманизациялоо саясатынын жүрүшүндө өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда жана ар тараптуу изилдөө зарылчылыгын жарат. Макаланын максаты түшүнүк аппараттарын талдоо аркылуу мамлекеттик мажбурлоонун мазмундук жактарын жана мүнөздүү жалпычлыктарын жана өзгөчөлү ктөрүн аныктоо саналат. Изилдөөнүн усулдары: Изилдөөнүн жүрүшүндө жалпы илимий жана атайын илимий усулдар, тутумдук, тутумдук түзүмдүк, функционалдык, грамматикалык логикалык усулдар колдонулду.

**Ачкыч сөздөр:** мажбурлоо, мамлекеттик мажбурлоо, зордук-зомбулук, жоопкерчилик, мыйзам, ченем, Конституция, кодекс

## Содержательные стороны государственного принуждения

**Аннотация**

Актуальность. Способность современного правового государства эффективно регулировать общественные отношения является одним из актуальных вопросов. Государство обеспечивает нормативное регулирование общественных отношений, его точное и единообразное исполнение, а также устранение его нарушений. В этом случае роль государственного принуждения особая. Государственное принуждение посредством специальных механизмов направлено на достижение соответствующих общественных интересов. Теоретические основы государственного принуждения изучены в отечественной науке крайне мало, однако в ходе проводимой политики декриминализации и гуманизации они приобретают особую актуальность и создают необходимость комплексного исследования. Целью статьи является выявление содержательных аспектов, характерных черт и особенностей государственного принуждения посредством анализа понятийного аппарата. Методы исследования: В ходе исследования использовались общенаучные и частнонаучные методы, системный, системно-структурный, функциональный, грамматико-логический методы.

***Ключевые слова:*** принуждение, государственное принуждение, насилие, ответственность, закон, норма, Конституция, кодекс

## Substantive aspects of state coercion

**Abstract**

Relevance. The ability of a modern legal state to effectively regulate public relations is one of the pressing issues. The state ensures the normative regulation of public relations, its precise and uniform execution, as well as the elimination of its violations. In this case, the role of state coercion is special. State coercion through special mechanisms is aimed at achieving the relevant public interests.

The theoretical foundations of state coercion have been studied very little in domestic science, but in the course of the ongoing policy of decriminalization and humanization, they acquire particular relevance and create the need for a comprehensive study.

The purpose of the article is to identify the substantive aspects, characteristic features and features of state coercion through the analysis of the conceptual apparatus.

Research methods: In the course of the study, general scientific and specific scientific methods, systemic, systemic-structural, functional, grammatical-logical methods were used.

.

***Keywords:*** coercion, state coercion, violence, responsibility, law, norm, Constitution, code

**Киришүү**

Актуалдуулугу. Мамлекеттик мажбурлоо түшүнүк аппаратын ар тараптуу изилдөө зарылчылыгы анын бир катар кеңири чөйрөдө колдонулгандыгы жана өзүнүн тутумунда бир канча өз алдынча элементтерди камтыгандыгы байкалат.

Ата мекендин юридикалык илимде мамлекеттик мажбурлоо чарасы бир катар тармактык айрыкча укук илиминде изилденгендигин айта кетүү орундуу. Ошону менен бирдикте мамлекеттик мажбурлооунун теориялык концепцияларын изилдөөдөгү ар кандай жандашуулар бул суроолорду бир жакту чечмелөөгө алып келбей жаткандыгы да тынчсыздандырат.

Ата мекендик юридикалык илим анын ичинде териялык илимди ар тараптуу байытуу, боштуктардын ордун толтуруу, коллизиялык абалдарды жою сыяктуу суроолор ачык бойдой калууда.

Белгилей кетүү керек, мамлекеттик мажбурлоонун теориялык концепцияларын ар тараптуу талдоо юридикалык илимди байытуу максатын гана аткарбастан, практикалык мааниге ээ экендигин да белгилей кетүү керек.

Мына ошондукта ата мкендик юридикалык илимди байытуу менен анын мазмундук жактарын толуктап, юридикалык практикадагы колдонуу натыйжалуулугун камсыз кылат деген ойдобуз.

Жогоркудагы жагдайлар мамлекеттик мажбурлоонун мазмундук жактарын изилдөө актуалдуулугун жаратат.

*Изилдөөнүн материалдары жана усулдары*. Изилдөөнүн жүрүшүндө бир катар теорялык укуктук концепцияларга, окумуштуулардын көз караштарына, илимий эмгектерине, макалалар пайдаланылды. Изилдөөнүн жүрүшүндө жалпы илимий жана атайын илимий усулдар, тутумдук, тутумдук түзүмдүк, функционалдык, грамматикалык логикалык усулдар колдонулду.

*Талкуулоо:* Мамлекеттик мажбурлоонун теориялык негиздери бир катар окумуштуулар тарабынан терең изилденген. Окумушиуулардын мамлекеттик мажбурлоо менен байланышкан түшүнк аппараттарын изилдөөлөрдөүг жандашуулар өтө кенен экендиги байкалат.

Окумуштуулар мамлекеттик мажбурлоону укуктук категория жана укуктук ченем аркылуу карагандыгы бир канча негиздүү, ошону менен бирдикте мамлееттик мажбурлоонун институционалдык, юридикалык жоопкерчилик аркылуу, мамлекеттик мыйзам чыгаруу негиздери боюнча ошондой эле укуктук тармактар аркылуу караган учурлар кездешет.

Бул өз кезегинде мамлекеттик мажбурлооунн ички түзүмү бир канча татаал түзүлүшкө ээ экендигин ачыктайт.

Мына ошондуктан мамлекеттик мажбулоонун түшүнүк аппаратын талдоо анын укуктук табиятынын бир канча катмарын ачып берет деген ойдобуз.

Белгилүү теоретик окумуштуу С.С.Алексеев: «укуктук мажбурлоонун эң жалпы мүнөздөмөсү болуп төмөнкүлөр саналат деп эсептейт: 1) социалисттик укуктун жалпы принциптерине баш ийүү, анын демократиялык мазмунун билдирүү; 2) биримдик, жалпылык; 3) көлөмдү жана лимиттерди катуу жөнгө салуу; 4) ченемдик тартипте колдонуу үчүн негиздерди белгилөө; 5) мамлекеттик чараларды колдонуунун тартибин катуу жөнгө салуу сыйлоо-мажбурлоо таасири» катары караган [1.с.270].

Ал эми Д.В. Попов: «каралып жаткан эки түшүнүктүн тең мазмундук жагын аныктап, аларды бири-бири менен салыштырып, төмөнкүдөй жыйынтыкка келген;

-биринчиден, мажбурлоо түшүнүгү зордук-зомбулук түшүнүгүнө караганда масштабы боюнча кеңири.

-экинчиден, мажбурлоону мүнөздөгөн орчундуу өзгөчөлүк – анын максаты – адамды өз эркине каршы аракеттенүүгө же аракетсиздикке мажбурлоо.

Зордук-зомбулук түшүнүгүнүн мазмундук аспектисинде айтылган максат милдеттүү белги болуп эсептелбейт, анткени зомбулуктун башка максаттарда (мисалы, адам өмүрүнө кол салуучунун аракеттери) колдонулган учурлары болушу мүмкүн» [2.с.236] деп эсептейт.

Бул учурда окумуштуу мажбурлоону кылмыш укуктук аспектисинде карап жаткандыгы ачыкталат. Анткени мизикалык же психикалык мажбурлоо түшүнүктөрү менен физикалык же психикалык зомбулук түшүнүктөрүнүн өз ара байланышы жөнүндө маселеге Кылмыш-жаза кодексинде, кылмыш укуктук таасир чаралары, жаза чарасы, кылмыштын курамдык белгисинде берилген [3].

Негизги мыйзамыбыз болгон Конституцияда [4] да 28, 32, 34 беренелерде мажбурлоо термини колдонулган. Бул жагдай негизинен тыюу салуучу ченем катары пайдалынлган.

Ал эми Үй-бүлө кодексинин 29 беренесинде мажбурлоо никенин жараксыздыгынын негиздеринин бири катары [5], Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө мыйзамынын 1 –беренесинде ( физикалык зомбулук) [6] каралган учурлар кездешет.

Башкача айтканда укукту категрия катары мажбурлоо бир канча обөективдүү жана субьективдүү элементтерди өзүнө алат.

Бир катар окумуштуулар мажбурлоо «башка адамдан акыркысынын чыныгы же ойдон чыгарылган кызыкчылыктарына карама-каршы келген (же дал келбеген) жана анын кызыкчылыктарына таасир тийгизген адамдын идеяларына дайыма карама-каршы келген мындай жүрүм-турумду талап кылган иш» деп эсептешет

Мамлекет коомдо өнүгүп жаткан коомдук мамилелердин системасын көзөмөлдөп, аларды кызыкчылыктардын, максатка ылайыктуулугунун жана адилеттүүлүгүнүн, анын ичинде мамлекеттик-укуктук мажбурлоону колдонуунун позициясынан баалоого тийиш.

В.А. Чашников: «Эгерде мамлекет кандайдыр бир коомдук мамилелерди өзгөртүү же тыюу салуу зарыл деген тыянакка келсе, укуктук жөнгө салууну колдонот.

Ошондо юридикалык жактардын жүрүм-туруму мыйзамда белгиленген чектерде гана мүмкүн болот, анын күчү басымдуу түрдө мажбурлоо каражаттары менен камсыз кылынат. Демек, потенциалдуу жана иш жүзүндөгү мамлекеттик-укуктук мажбурлоону айырмалоо зарыл» [7.с.13-17] дейт.

Мамлекеттик мажбурлоо өзүнүн материалдык мүнөздөмөлөрүнүн кеңдигинен, тактап айтканда, коомдун бардык чөйрөлөрүнө жайылтылат, укуктун ар кандай тармактарынын нормалары менен жөнгө салынат, ошондуктан «мамлекеттик мажбурлоону төмөнкүдөй түрлөргө бөлүү жалпы кабыл алынган: кылмыш-жаза, административдик, жарандык-укуктук, дисциплинардык, процессуалдык» [8.с. 33].

«Мамлекеттик мажбурлоо түшүнүгүнүн мазмуну кеңири болгондуктан, аны юридикалык жактан изилдөө кыйын анын негиздери ири масштабдагы адабиятка баш ийет укуктук көрүнүш, ал өзүнчө алардын спецификалык гипостазаларында - алардын түр мүнөздөмөсүндө тармактык мазмуну боюнча каралат. Азыркы учурда, бары анын конкреттуу аспектилерине көбүрөөк көңүл бурулат» [9, с. 16].

Мамлекеттин мажбурлоонун: « эң жөнөкөй классификациясы анын материалдык жана процессуалдык укук системасынын макродеңгээлине жараша бөлүнүшү» [10.с.43]. Алар, тиешелүүлүгүнө жараша, негизделген материалдык жана процессуалдык укуктун нормалары колдонулат.

Мамлекеттик мажбурлоо системасында ар кандай болот: «профилактикалык, басуучу сыяктуу түрлөрүн ажыратышат, калыбына келтирүүчү жана жазалоочу, ар бири өздөрүнүн проблемасын чечүүгө багытталган» [11, с. 23].

Кээ бир окумуштуулар мамлекеттик мажбурлоону: «муниципалдык жана мамлекеттик-укуктук мажбурлоо. Биринчиси, өз кезегинде, соттук жана соттон тышкаркы» [12, с. 392] деп бөлүшөт.

Мамлекеттин мажбурлоо феноменин: «предмет боюнча изилдөө ички мааниге ээ, ошондуктан анын натыйжалары мүмкүн болгон мамлекеттик мажбурлоо чараларынын системасындагы көйгөйлөр жана аны жакшыртуу боюнча багыттарды камсыз кылуу зарыл» [13, с. 101] деп эсептешет.

В.С. Егоровдун айтмында: «Кээ бир чөйрөлөрдө ченемдик талаптардын аткарылышы коомдук пайдалуу натыйжага жетишуунун зарыл шарты болгон белгилуу адамдын укугу жана эркиндиги таасир этүүгө байланышкан чараларды ишке ашырууну талап кылат. Укуктук ченемдерди ишке ашыруу укуктук мамилелердин катышуучуларынын каалоосуна карабастан милдеттүү түрдө жүзөгө ашырылат» [14, с. 29-33].

Демек, мамлекеттик мажбурлоо чарасын ар кандай жактар эмес жалпы ачык бийлик тутумундагы мамлекеттик органдар тарабынан колдонулуп,мажбурлоо чараларын өзүм билемдик менен тандап алуу мүмкүн эмес. Алар тиешелүү ченемдик актыда так аныкталып чектелген көлөмдө жана түрдө гана берилет. Алардын тизмеси жана мазмуну ар дайым мыйзам тарабынан катуу белгиленет жана анын чегинен чыгуу жокко чыгарылат.

Мажбурлоо чараларын ишке ашырууда мамлекет түздөн-түз белгилүү бир коомдук маанилүү кызыкчылыктарды жетүүдө аны бузуу, анын натыйжасында ал ченемдик укуктук актыларда белгиленген негиздер жана чектер боюнча катуу жүргүзүлөт.

Мында укуктарды жана эркиндиктерди чектөө мүмкүн болушунча эң аз жагымсыз болушу керек жана башка жол менен коомдук пайдалуу натыйжага жетүү мүмкүн болбогон же начар негизденген өзгөчө учурларда болушу керек. Анткени адам укуктарын жана эркиндиктерин чектөө негизги мыйзамда аныктлагандай аныкталган адеп ахлактык жана коомдук пайдалуу максатты гана көздөгөн учурда аныкталат.

Ошондуктан мажбурлоо каражаттары укук нормаларында аныкталгандыктан анын мыйзамдуулугун а шек жок. Бул бир жагынан аларга көбүрөөк эффективдүүлүктү берет, аларды мамлекет менен түздөн-түз байланыштырат. Экинчи жагынан, укуктарды жана эркиндиктерди чектөөнүн бардык түрлөрүн так мыйзамдык жөнгө салуу аларды уюштурууга мүмкүндүк берет.

*Жыйынтык:* Демек, мамлекеттик мажбурлоо укуктук категория катары аныктоого болот. Анткени ал укуктук ченемдердин түзүмүн камтыйт. Бул жерден көрүнүп тургандай мамлекетик мажбурлоонун натыйжалуулугу ченемдик актылардын сапатынан, аныктыгынан көз каранды экендигин белгилей кетүү керек.

Акыркы мезгилдердеги укуктук реформалардан кийин бир катар ченемдерде юридикалык аныктытк принцибинин киргизилишин байкоого болот.

Бул өз кезегинде укукбузуучуга карата мамлекеттик мажбурлоону колдонууда так аныкталган мыйзам тамгасы жана духуна дал келтирүүнү шарттайт.

Мамлекеттик-укуктук мажбурлоо дайыма мыйзамда так аныкталган процессуалдык формаларда укуктук мамилелер түрүндө гана ишке ашырылат.

Мажбурлоону ишке ашыруунун предметине карата берилген структураны эске алуу менен анын кызыкчылыктарынын жана эркинин көрүнүшү болуп саналат. Түздөн-түз ишке ашыруу процессине карата колдонулгандай, мажбурлоо жаза чараларын жана башка мыйзамдуу каражаттарды колдоном деп коркутуу аркылуу же субьекттин инсандыгына, анын эркиндигине каршы багытталган тикелей мажбурлоо чараларын колдонуу аркылуу таасир этүү ыкмасы болуп саналат.

Мажбурлоо процессинин белгиленген структурасында анын обөектиси катары жеке же юридикалык жакты тандоо каршы пикирлерди жаратаарын белгилей кетүү керек. Мажбурлоонун обьектиси болуп дайыма адамдын өзү эмес, анын эрки, аң-сезими жана жүрүм-туруму саналат.

Мындан келип чыккандай мамлекттик мажбурлоо  өз алдынча институт катары баалоо менен типтүү калыптанган мамилелерди биздин көз карашыбызда укуктун ар кандай тармактары аркылуу ишке ашырылат.

- Мамлекеттик мажбурлоо институционалдашып, атайын мамлекеттик аппараттын болушу менен шартталган:

-Мамлекетик мажбурлоо так аныкталган укуктук чектерде ишке ашырылып, формалдуу аныкталат:

Мамлекетик мажбурнлону колдонуу процессуалдык формада ишке ашырылып коомдук оң натыйжаларга жетишүүгү,бузулган укукту калыбына келтирүү, социалдык адилеттүүлүктү орнотуу, адамдын оңолуп түзөлүүсүнө ресоциализацияланышына  таасир берет.

**Колдонулган маалымат булактары:**

1. Алексеев С.С. Общая теория права. Курс в 2 т. Т. 1. М.,1981. С. 269.
2. Попов Д.В. К вопросу о соотношении уголовно-правовых понятий: принуждение и насилие // Актуальные вопросы уголовного процесса современной России: Межвуз. сб. науч. тр. Уфа, 2003. С.- 236.
3. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодекси 2021-жылдын 28-октябры № 127
4. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 2021-жылдын 11-апрелинде Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынган. *(Кыргыз Республикасынын 2021 жылдын 5 майындагы №59 Мыйзамы менен күчүнө киргизилген)*
5. Кыргыз республикасынын үйбүлө кодекси  2003-жылдын 30-августу № 201
6. Кыргыз республикасынын Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө мыйзамы 2017-жылдын 27-апрели № 63
7. Чашников. В.А. Содержание и признаки государственно- правового принуждения.Вестник Московского университета МВД России№ 1 / 2014. С 13-17
8. Максимов И. В. Административное принуждение в системе средств правовой политики // Правовая политика и правовая жизнь. 2005. № 1. С. 33–38
9. Суркова И. С. К вопросу о понимании конституционно-правового принуждения и выделении его форм // Академический юридический журнал. 2015. № 2 (50). С. 16–23.

10. Фролов М. В. К вопросу о понятии процессуального принуждения // Вектор науки Тверского государственного университета. Серия: Юридические науки. 2013. № 1 (12). С. 43–44.
11. Вершинина С. И. Юридическая ответственность как вид государственного принуждения // Вектор науки Тверского государственного университета. Серия: Юридические науки. 2009. № 5 (8). С. 23–30.
12. Саттарова Н. А. Принуждение в финансовом праве. М.: Юрлитинформ, 2006. 392 с.
13. Секретарева Т. М. Правовая модель государственного принуждения в отно- шении особой категории лиц // Актуальные проблемы экономики и права. 2016. Т. 10, № 3. С. 101–107.
14. Егоров В.С.,*общее понятие правового принуждения* Вестник пермского университета.2007. 8(13). С 29-33